“Ботаника, ЖБД жана БОУ” жана “Зоология жана экология” кафедрасынын биргелешкен №2 - отурумунун
ПРОТОКОЛУ

Ош шаары 13.06.2022 – жыл
318- аудитория

**1. Катышты:**
Чогулуштун төрагасы – Молдалиев Ж.Т., б.и.к., доцент;
Катчысы – Абдыкааров А.М., б.и.к., доцент;
Жалпы - 15
Себептүү катышпагандар - жок
Себепсиз катышпагандар - жок

**2. Күн тартибинде:**
1. 550 100 Табигый-илимий билим берүү багытынын “Биология” профилинин окутуунун натыйжаларын максаттарга дал келүүсүн жана окуу планындагы дисциплиналардын компетенцияларынын матрицасын түзүү.

**3. Угулду:**
**1. Төрага, ТТАТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы, доцент Молдалиев Ж.Т.:** Баарыңыздарга белгилүү 2022-жылдын 24-майында 2021-жылы чыккан 550100 Табигый-илимий билим берүү багытынын жаңы мамлекеттик стандартын талкууга алып, негизги билим берүү программасын негизинен иштеп чыкканбыз. Эми ошол негизги билим берүү программасын толук аягына чыгаруу максатында окутуунун натыйжаларын максаттарга дал келүүсүн жана окуу планындагы дисциплиналардын компетенцияларынын матрицасын түзүүбүз зарыл.

*550100 Табигый илимимий билим билим берүү (биология профили) багытынын максаттарын аныкташыбыз керек. Биз, Химия жана География профилдери менен жана кызыккан тараптырдын катышуусу менен төмөндөгүдөй максаттар аныкталды. Алар:*

**1-максат.** Билим берүү жана илим изилдөө жараянында: гуманитардык, социалдык, экономикалык, табигый-математикалык багыттардагы илимдердин комплексин өздөштүргөн, келечекте билимдүү, тарбиялуу, маданияттуу инсандарды калыптандырууга салымын кошо алуучу адистерди даярдоо.

**2-максат.** Коомдук табигый илимдердин мазмуну, теориялык негиздери, практикалык мааниси боюнча билимдери жеткиликтүү калыптанган, жаратылыш ресурстарын биологиялык жактан илимий негизде үйрөнүп, аларды коомдун туруктуу өнүгүүсүндөгү иш-аракеттерге, сарамжалдуу пайдаланууга багыт берүүчү, компетенттүү, жогорку профессионалдык деңгээлдеги адистер менен камсыздоо.

**НББПнын максаттарынын ОшМУнун миссиясына жооп бериши**

| ОшМУнун мисиясы | НББПнын 1-максаты | НББПнын 1-максаты |
|---|---|---|
| 1-миссия | + | |
| 2-миссия | | + |
| 3-миссия | + | + |

НББПнын максаты ОшМУнун миссиясын жетекчиликке алуу менен коюлуп, маңызы жана мазмуну боюнча ОшМУнун миссиясына жооп бериши: кафедранын, факультеттин, кызыктар тараптардын талкуусуна коюлуп, кафедралардын кеңешмесинде бекитилүүсү зарыл.

Жогорудагы окутуунун натыйжалары, 550100 Табигый илимий билим берүү багытындагы “Биология” профили боюнча “магистр” академиялык даражасын ыйгаруудагы **ЖКББнүн МББСдагы талаптарды** негиз кылып алуу менен иштелип чыккан жана Сиздерге сунуштап жатабыз.

.

**Программанын максаты менен ОНрынын келүүчүлүк матрицасы**

| Максаттар | Окутуунун натыйжалары | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1-ОН** | **2-ОН** | **3-ОН** | **4-ОН** | **5-ОН** | **6-ОН** |
| М1 | + | + | + | + | | |
| М2 | | | | | + | + |

Компетенциялардын матрицасы Сиздер менен 1 айдан бери талкууланып жатат. Себеби, окуу пландагы дисциплиналарды Сиздер окутасыздар. Ошондуктан, аны да бекитүүбүз керек.

**Талкуу:**

Б.и.д., профессор Жумабаева Т.Т., б.и.д., профессор Тажибаев А.Т., б.и.к., доцент Абдыкааров, п.и.к., доцент Эмилбекова Д.А., б.и.к., доцент Стамалиев К.Ы., б.и.к., доцент Абжамилов С.Т. ж.б. доцент Жоомарт Тумаковичтин жана НББПсын түзүүгө көп убактысын жана эмгегин короткон жалпы профессордук-окутуучуларга ыраазычылыктарын билдирип, максаттардын, алардын окутуунун натыйжалары менен дал келүүчүлүгү жана компетенциялардын матрицасын жактырышты.

**Төрага:** “Ботаника, ЖБД жана БОУ” жана “Зоология жана экология” кафедраларынын профессор-окутуучуларынын сунуштарын эске алуу менен 550100 ТИББ багытынын магистратура баскычынын НББП на төмөндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү жана бекитүүнү добуш коем.

КЕҢЕШМЕНИН ТОКТОМУ:

1. Профессордук-окутуучулук курамдын жана кызыктар тараптардын сунуштарын эске алуу менен 550100 Табигый илимимий билим билим берүү багытынын НББПсына төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. 1. 550100 Табигый илимимий билим билим берүү багытынын максаттары төмөндөгүдөй бекитилсин:

**1-максат.** Билим берүү жана илим изилдөө жараянында: гуманитардык, социалдык, экономикалык, табигый-математикалык багыттардагы илимдердин комплексин өздөштүргөн, келечекте билимдүү, тарбиялуу, маданияттуу инсандарды калыптандырууга салымын кошо алуучу адистерди даярдоо.

**2-максат.** Коомдук табигый илимдердин мазмуну, теориялык негиздери, практикалык мааниси боюнча билимдери жеткиликтүү калыптанган, жаратылыш ресурстарын биологиялык жактан илимий негизде үйрөнүп, аларды коомдун туруктуу өнүгүүсүндөгү иш-аракеттерге, сарамжалдуу пайдаланууга багыт берүүчү, компетенттүү, жогорку профессионалдык деңгээлдеги адистер менен камсыздоо.

1.2. 550100 Табигый илимий билим берүү багытындагы “Биология” профили боюнча “магистр” академиялык даражасын ыйгаруудагы **ЖКББнүн МББСдагы талаптарды** негиз кылуу менен максатка окутуунун натыйжаларынын дал келүүсү төмөндөгүдөй бекитилсин:

**Программанын максаты менен ОНрынын келүүчүлүк матрицасы**

| Максаттар | Окутуунун натыйжалары | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1-ОН** | **2-ОН** | **3-ОН** | **4-ОН** | **5-ОН** | **6-ОН** |
| М1 | + | + | + | + | | |
| М2 | | | | | + | + |

1.3. 550100 Табигый илимимий билим билим берүү багытынын “биология” профилинин компетенциялардын матрицасы бекитилсин.

2. 2022-2023 – окуу жылына карата дисциплиналардын силлабустарын, жумушчу программаларын жана баалоо каражаттарын түзүүдө ушул өзгөртүүлөр киргизилген НББП пайдаланылсын жана ар бир профессор-окутуучуга милдеттендирилсин.

Токтомго добуш берүүнүн жыйынтыгы:
Макул - 15
Каршы - жок
Калыс - жок.

**Төрага,** Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы, доцент Молдалиев Ж.Т.

**Катчы,** зоология жана экология Кафедрасынын башчысы, доцент Абдыкааров А.М.